# Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда мамлекеттик чек арада өткөрүү пункттарын ачуу жана алардын режими тууралуу

## МАКУЛДАШУУ

Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мындан ары Тараптар деп аталуучулар,

эки өлкөнүн ортосунда бир туугандык коңшулаштык, достук жана кызматташуу мамилелерин мындан ары бекемдөө жана өнүктүрүү максатында,

тең укуктуулук жана өз ара пайда принциптеринин негизинде экономикалык кызматташууну жана сооданы ар тараптуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө умтулгандыкты жетекчиликке алышып,

төмөндөгүлөр тууралуу макулдашышты:

### 1-статья

1. Тараптар Кытай Эл Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын, ошондой эле үчүнчү өлкөлөрдүн граждандарын, жүктөрүн, транспорттук каражаттарын чек ара аркылуу өткөрүүнү ишке ашыруу үчүн "Иркештам" (Кытай Эл Республикасы)-"Иркештам" (Кыргыз Республикасы) эл аралык өткөрүү пунктун ачууну чечишти.

2. Тараптар мурдагы СССР менен КЭРдин ортосундагы макулдашууга ылайык ачык болгон "Тургарт" (Кытай Эл Республикасы)-"Торугарт" (Кыргыз Республикасы) өткөрүү пункту Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы эл аралык өткөрүү пункту экендигин ырасташат.

Бул пункт Кытай Эл Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын, ошондой эле эки Тарап тең алар менен тийиштүү келишимдерге ээ болгон үчүнчү өлкөлөрдүн граждандарын, жүктөрүн, транспорттук каражаттарын өткөрүү үчүн ачык.

Бул пункт ошону менен бирге калган үчүнчү өлкөлөрдүн жүктөрүн чек ара аркылуу өткөрүү үчүн ачык.

Кызматтык барууларды ишке ашырышкан үчүнчү өлкөлөрдүн граждандарын, ошондой эле үчүнчү өлкөлөрдүн граждандары кирген туристтик группаларды өткөрүү "Тургарт" (Кытай Эл Республикасы)-"Торугарт" (Кыргыз Республикасы) өткөрүү пункту аркылуу Тараптардын тышкы иштер министрликтеринин ортосунда макулдашылган тартипте жана негизде ишке ашырылат.

### 2-статья

1. Эки өлкөнүн тең граждандары ушул Макулдашууда көрсөтүлгөн өткөрүү пункттары аркылуу чыныгы чет өлкөгө баруу паспорттору же алардын ордуна колдонулуучу алардын эл аралык жолдо жүрүү документтери боюнча эки мамлекеттин ортосунда баруулардын режими тууралуу тартипте жана шарттарда келишет жана кетишет.

Чек ара алдындагы райондордун тизмесин орнотуу жана эки мамлекеттин тең чек ара алдындагы жашоочулары үчүн өткөрүү пункттары аркылуу өтүүнүн жеңилдетилген режимин берүү маселелери өзүнчө макулдашуу менен аныкталат.

2. Эгерде Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасы алардын мүчөлөрү болуп эсептелген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, ушул Макулдашуунун жоболоруна ылайык үчүнчү өлкөлөрдүн граждандары жогоруда көрсөтүлгөн өткөрүү пункттары аркылуу өтүүдө кирүү визасы бар болгон чыныгы чет өлкөгө баруу паспортторуна же башка эл аралык жолдо жүрүү документтерине ээ болууга тийиш.

3. Граждандардын, транспорттук каражаттардын кирүү-чыгуу тартиби Тараптар менен эки мамлекеттин тең улуттук мыйзамынын жана ушул Макулдашуунун негизинде макулдашылат.

4. Сүйлөшүүлөрдүн катышуучуларынын чек ара аркылуу өтүү жана Тараптардын чек ара аскерлеринин өкүлдөрүнүн жана алардын кыймылдоо каражаттарынын жолугушууларынын орду жана тартиби Тараптардын тийиштүү чек ара бөлүктөрүнүн чек ара өкүлдөрү менен макулдашылат.

### 3-статья

Тараптардын өткөрүү пункттарынын контролдук-текшерүү органдары өздөрүнүн кызматтык милдеттерин өз өлкөлөрүнүн улуттук мыйзамына ылайык жүргүзүшөт.

### 4-статья

Жаңы өткөрүү пункттарын ачуу ("Бедель" жана башкалар), бар болгондорун жабуу же алардын милдеттери менен режимин өзгөртүү дипломаттык каналдар боюнча Тараптар менен макулдашылат. Мында түзүлгөн келишимдик документтер ушул Макулдашууга толуктоо болуп эсептелет.

### 5-статья

1. Ушул Макулдашууда каралган өткөрүү пункттарын расмий ачуу күнү менен убактысы, анын ичинде сезондук өткөрүү пункттарынын аракеттенүү мөөнөтү дипломаттык каналдар боюнча макулдашылат.

2. Качан форс-мажордук шарттарда Тараптардын бири тарабынан кандайдыр-бир өткөрүү пункттарын убактылуу жабуу же ачылышынын мөөнөтүн узартуу зарылчылыгы келип чыккан учурда, ал кыска мөөнөттүн ичинде экинчи Тарапка анын аракеттеринин себептери жана узактыгы тууралуу билдирүүгө тийиш.

3. Ушул статьянын 2-пунктунда көрсөтүлгөн учурлардан тышкары Тараптардын ар бири бир багыттуу тартипте өткөрүү пункттарын жаппайт же ачылышын кийинкиге калтырбайт. Тараптардын бири аркылуу өзгөчө учурларда кайсы-бир өткөрүү пунктун убактылуу жабуу же ачылышынын мөөнөтүн узартуу зарылчылыгы келип чыккан учурда, ал мындай чараларды кабыл алганга чейин 10 күндөн кем эмес мөөнөттө экинчи Тарапка өзүнүн аракеттеринин себептери менен мөөнөттөрү тууралуу билдирүүгө тийиш.

### 6-статья

1. Тараптардын өткөрүү пункттарынын контролдук-текшерүү органдары кызматтык байланыштардын режимин түзө ала тургандыгын Тараптар макулдашышты.

2. Ушул Макулдашууну аткарууда Тараптардын өткөрүү пункттарынын тийиштүү органдарынны ортосунда келип чыккан маселелер ошол жерде алардын өкүлдөрү менен консультациялар жолу менен же дипломаттык каналдар боюнча же болбосо Тараптардын ар биринин өкүлдөрү менен чечилет.

7-статья

Зарылчылык келип чыккан учурда Тараптар бири-биринин макулдугу менен ушул Макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизе алышат.

8-статья

Ушул Макулдашуу ага кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана 5 жылдын ичинде аракетте болот. Эгерде Тараптардын бири дагы кезектеги беш жылдык мөөнөт өткөнгө чейин 6 айдын ичинде анын аракетин токтотууну каалагандыгы тууралуу жазуу жүзүндө экинчи Тарапка билдирбесе, ал өзүнөн-өзү ар бир жолу кийинки беш жылга узартылат.

Бишкек шаарында 1996-жылдын "6" сентябрда эки нускада, ар бири кытай, кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү, мында бардык тексттер бирдей күчкө ээ.

| | |
|---|---|
| Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү үчүн | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үчүн |
| 姚培生 | (signature) |